**БЕКИТЕМИН**
**Майлуу-Суу шаардык кеңештин**
**2022-жылдын 15-апрелиндеги**
**сессиясынын**
**№8-9-5 Токтому менен**
**Төрага:______А.М.Киргизбаев**

Кыргыз Республикасынын

2005-жылдын 21-февралындагы № 36

**“ЖАМААТТАР ЖАНА АЛАРДЫН БИРИКМЕЛЕРИ”**

жөнүндөгү

**МЫЙЗАМЫНЫН**

2-бөлүмүндөгү, 7-беренесинин талабына ылайык;

Майлуу Суу шаарында, үй-тиричилиги (домохозяйство) бар тургундарынан түзүлгөн, КР жарандыгына ээ - жарандарынын, **“МАЙЛУУ-СУУ ЭЛДИК ЖАМААТЫ”** деп аталган жамаатынын

**У С Т А В Ы.**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. **“Майлуу Суу Элдик Жамааты”** (мындан ары – Жамаат) “Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, “Коммерциялык эмес уйумдар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде түзүлүп, материалдык эмес керектөөчүлөрдү канааттандыруу үчүн жана таламдарынын жалпылыгынын негизинде белгиленген мыйзам тартибинде биригишкен граждандардын ыктыярдуу жамааты болуп саналат.

1.2. Жамаат жергиликтүү маанидеги иштерди биргелешип жана жоопкерчилигин өз мойнуна алып чечүү үчүн шаардын аймагында жашап жаткан жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн ыктыйардуу бирикмесин билдирген жергиликтүү өз алдынча башкарууну уйуштуруу максатында түзүлгөн, коммерциялык эмес уйум болуп эсептелет.

1.3. Жарандар жана уйумдар Жамааттын Уставдык максаттарын ишке ашыруудагы ишине ыктыйардуу кайрымдуулук иштери менен, өздөрүнө тийешелүү болгон мүлктөрүн колдонууга берүү менен ошондой эле, ар кандай уйуштуруу жана башка жолдор менен колдоо көрсөтүү аркылуу катыша алат.

1.4. Жамааттын толук жана кыскартылган фирмалык аталышы;
* Мамлекеттик тилинде толук аталышы; **“Майлуу-Суу Элдик Жамааты”.**
* Мамлекеттик тилинде кыскартылып аталышы; **“МС ЭЖ”** ж-ы.
*Расмий тилинде толук аталышы; Община **“Народный Жамаат Майлуу-Суу”.**
*****Расмий тилде кыскартылып аталышы; О-а **“НЖ МС”.**

1.5. Жамааттын жайгашкан жери (юридикалык дареги) ; Жалал-Абад облусу Майлуу Суу шаары Мира көчөсү №47

1.6. Жамааттын ишмердүүлүк жүргүзүү мөөнөтү чектелбейт.

1.7. Жамаат мамлкеттик каттодон өткөн учурдан баштап юридикалык статусуна ээ болот, өзүнүн балансында катталган мүлккө ээ, мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарга ээ болушу жана ишке ашырылышы мүмкүн, милдеттүү, сотто доогер жана жоопкер боло алат.

1.8. Жамаат киреше алууну максат кылып көздөбөйт. Жамааттын бардык, анын ичинде чарбалык иштерге байланышкан чыгымдары анын Уставында аныкталган маселелерди чечүүгө багышталат жана анын ишин алып баруу процессинде мүчөлөрүнө бөлүнүп берилбейт.

## 2. Жамааттын укуктук статусу

2.1. Жамааттын иштерин укуктук жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, жергиликтүү өз алдынча башкарууну уйуштуруу чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзамдын, “Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндөгү” Мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укуктук актыларынын, ошондой эле Жамааттын уставынын негизинде жүзөгө ашырылат.

2.2. Жамаат коммерциялык эмес уйум болуп саналат. Жамаат өз мүчөлөрүнүн арыздарынын, жалпы чогулушунун протоколунун жана уставынын негизинде аны юридикалык жактарды каттоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укутуу мамлекеттик органда каттаган учурдан тартып юридикалык жактын статусуна ээ болот.

2.3. Жамаат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген, жамааттын уставына ылайык ага таандык болгон финансы каражаттарына, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрүнө ээлик кылат, пайдаланат жана тескейт.

2.4. Жамаат мүлктү сатып алууга, жамааттын менчигинде болгон мүлктү ижарага берүүгө, пайдаланууга, кайра берүүгө, күрөөгө койууга, сатып өткөрүүгө, консультациялык жана маалыматтык кызматтарды көрсөтүүгө, жамааттын иштери менен байланышкан окуу семинарларын жана практикалык сабактарды уктурууга жана өткөрүүгө, ошондой эле өзүнүн максаттарын жана милдеттерин натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон дагы башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга укуктуу.

## 3. Жамааттын ишмердүүлүгүнүн максаттары

3.1. Жамааттын ишмердүүлүгүнүн максаттары болуп төмөнкүлөр саналат;
- Жамаат төмөндөгү тапшырмаларды чечүү үчүн өзүнүн ишкердүүлүгүн жүргүзөт;
- Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлүк насыялык мекемелердин, юридикалык жана физикалык жактардын насыяларынан жана банктык гранттарынан пайдалануу;
- Жамааттын уставдык максаттарын жана тапшырмаларын жүзөгө ашыруу үчүн Чет элдик донор уюмдардан жана жергиликтүү уюмдардан инвестиция тартуу;
- Улуттук жана эл аралык маданий, билим берүү программаларына катышуу:
- Кароосуз калган жана жетим балдарга, кары картаңдарга, майыптарга жана көп балалуу үй бүлөлөргө жардам берүү.
- Мамлекеттик органдарга, юридикалык жактарга жана жашоочуларга шаарыбыздын инфраструктурасын жакшыртуу боюнча көмөктөшүү:
- Мамлекеттик мекемелерге, өкмөттүк эмес уюмдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу мекемелерине балдарды жана жаштарды тарбиялоо жагынан көмөктөшүү;
- Элдик кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү, көргөзмөлөрдү уюштуруу;
- Маданий-массалык, жаратылышты сактоо, кайрымдуулук сыяктуу жана башка иш-чараларды уюштуруу жана аларга катышуу;
- Инвесторлор тобу менен жана жергиликтүү жумуш берүүчүлөр менен жумушсуздарды жумуш менен камсыздоо боюнча иш алып баруу;
- Жакырчылыкты кыскартуу, калктын социялдык турмуш денгээлин жогорулатуу жана аз камсыз болгон жана начар корголуудагы калктын катмарынын кепилдигин камсыздоо;
- Жаратылышты сактоо, калыбына келтирүү боюнча туруктуу иш чараларды жүргүзүү;
-Уставдык тапшырмаларды ишке ашыруу максатында чарбалык жана өндүрүштүк багыттагы жумуштарды ишке ашыруу;
- жергиликтүү маанидеги иштерди биргелешип жана жоопкерчиликти өз мойнуна алып чечүү үчүн жамааттын мүчөлөрүндө бир коомдоштукка таандык болуу сезимин өнүктүрүү;
- жамааттын жана жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн социялдык-экономикалык жана руханий муктаждыктарын канааттандыруу;
- жамааттын мүчөлөрүн, жамааттын жана жергиликтүү коомдоштуктун ишин башкарууга катышууга тартуу;
- жамааттын мүчөлөрүнө өз ара жардам көрсөтүү;
- социялдык моблизициялоо боюнча калктын активдүүлүгүн жогорулатуу.

3.2. Жамаат өз уставндагы көздөгөн максаттары менен тапшырмаларын жүзөгө ашырууда, өзүнүн аракеттерин, Кыргыз Республикабыздын мыйзамдарында тыюу салынбаган багытта жүргүзөт.

## 4.Жамаатты түзүүнүн жана ишмердүүлүгүнүн принциптери

4.1. Жамааттын иши төмөндөгү принциптер менен жүзөгө ашырылыт:
- мыйзамдуулук жана социялдык адилеттүүлүк;
- ыктыйардуу мүчөлүк;
- демократия, айкындуулук, ачыктык жана коомдук пикирди эске алуу;
- социялдык-коомдук, экологиялык, турак жай жана жамааттын мүчөлөрүнүн таламдарын козгой турган дагы башка маселелерди чечүүдөгү коллегиалдуулук, эркин талкуулоо;
- экономикалык жана чарбалык өз алдынчалыктын негизинде өзүн өзү аныктоо, өзүн өзү жөнгө салуу жана өзүн өзү каржылоо;
- үй чарбачылыгындагы бирдей өкүлчүлүктү камсыз кылуу;
- жамаат мүчөлөрүнүн таламдарынын жалпылыгы;
- жашаган жери боюнча аймакташтык.

## 5. Жамааттын көз карандысыздыгы

5.1. Жамаат өз ишин (Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндөгү) Кыргыз Республикасынын мыйзамы, башка ченемдик укуктук актылар жана жамааттын уставы менен белгиленген компетенциясынын чектеринде өз алдынча уюштурат жана жүзөгө ашырат.
5.2. Жамаат Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттери боюнча жооп бербейт, ага тете эле алар да, тараптар өзгөрүүгө ушундай милдеттенмелерди ыктыярдуу түрдө кабыл алган учурларды кошпогондо, жамааттын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.

## 6. Жамааттын мүчөлөрү жана алардын укуктары

6.1. Жамааттын ушул уставына ылайык, жергиликтүү коомдоштуктун тийешелүү аймагында туруктуу жашаган, жамаат менен өз ара таламдары боюнча байланышкан, бир үй чарбачылыгынын таламын билдирүүчү адам жамааттын мүчөсү болушу мүмкүн. Жамаатка кирүү акысы жана бир жылдык мүчөлүк акысынын өлчөмүн жамааттын жалпы чогулушу, Жамаат юридикалык статуска ээ болгондо аныктайт.
6.2. Жамаатка мүчө болуу жана андан чыгуу ыктыйардуу болуп саналат.
6.3. Жамааттын мүчөлөрү жамааттык менчикти бирдей пайдалана алышат.
6.4. Жамааттын мүчөсү уставдын жоболорун жана ченемдерин сактабагандыгы, талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жамаат мүчөлүгүнөн чыгарылышы мүмкүн.

## 7. Жамааттын мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан колдоого алынышы

7.1. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- Жамаатты түзүүгө жана өнүктүрүүгө зарыл болгон укуктук, уюуштуруу шарттарын түзүүгө;

- Жамаатты түзүү жана өнүктүрүү, жана өз алдынча башкаруу укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн инвестицияларды, гранттарды жана микрокредиттерди тартууга көмөк көрсөтүшөт.

7.2 . Жамааттын таламдарын козгоочу маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда мамлекеттик бийлик жана жегиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жамааттык уюм менен консултацияларды өткөрөт.

7.3. Жамааттын таламдарын козгоочу маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жиберилүүчү расмий кайрылуулары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык милдеттүү түрдө каралууга тийиш.

## 8 . Жамааттын иш милдеттери

8.1. Жамааттын иш милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында өз мүчөлөрүнүн таламдарын билдиришет.
- Жамааттын ишине тийешелүү маселелер талкууланганда жергиликтүү кеңештердин иштерине кеңеш берүү укугу менен катышат.
- Жергиликтүү кеңештердин, алардын аткаруучу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын жамааттардын иштеринин маселелери боюнча чечимдерин аткарууга көмөктөшөт.
– шаардык бийликтин жана жергиликтүү кеңештин аймактарды пландаштыруу, социалдык маданий, тиричилик жана чарбалык объектилерди куруу маселелери боюнча иштерине катышат.
– Жамааттын уставдагы максаттарына жана милдеттерине ылайык дагы башка иш милдеттерди жүзөгө ашырат.

## 9 . Жамааттын укуктары жана милдеттери

9.1. Жамаат төмөнкү укуктарга ээ;

- Финансы кредит мекемелеринде эсептерди ачууга.
– Тийешелүү жергиликтүү кеңеш анын аткаруучу органы, жергиликтүү мамлекеттик администрациясы, ошондой эле ишканалар, мекемелер, уйумдар, кооперативдер, жамааттар жана башка чарбакер субъекттер менен келишимдик негизде эриш-аркак аракеттенүүгө;
- өз аймагын жашылдандыруу иштерин аткарууга, турак-жай фондун жана социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттагы объектилерди курууга жана ремонттоого каралган өздөрүнүн финансы ресурстарын жана башка булактарды пайдалануу менен курууга тапшырыкчы (заказчик) катары чыгууга;
- жамааттын менчигинде турган имараттарды, курулуштарды, турак-жайлык эмес жайларды ижарага берүүгө;
- жамааттын максаттары менен милдеттерин ишке ашыруу үчүн эл аралык донордук уюмдардан, каражаттардан инвестицияларды тартууга.

9.2. Жамаат өзү кабыл алган чечимдердин мыйзамдуулугу үчүн милдеттенмени өзү мойнуна алат жана жоопкерчилик тартат.

## 10 . Жамааттын башкаруу органдары

10. 1 . Жамааттын башкаруу органдары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Жамааттын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу – башкаруунун жогорку органы;
- Жамааттын төрагасы – башкаруунун жекече аткаруучу органы.

## 11 . Жамааттын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу

11. 1. Жамааттын жогорку башкаруу органы болуп анын бардык мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу болуп саналат (мындан ары – жалпы чогулуш). Жалпы чогулуш Жамааттын максаттарын ишке ашыруудагы ишмердүүлүгүнө тиешелүү болгон баардык маселелер боюнча чечим кабыл алат.

11. 2. Жалпы чогулуш 3 айда бир жолу жыйын өткөрүп Жамааттын максаттарын ишке ашыруу маселелерин карап турат. Жамааттын төрагасынын, бухгалтеринин жэ мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгүнүн талабы боюнча Жалпы чогулуштун кезексиз жыйыны чакырылышы мүмкүн.

11. 3. Төмөнкү маселелер жалпы чогулуштун гана компетенциясына кирет;

- Жамааттын уставына өзгөртүү толуктоолорду киргизүү жэ Уставдын жаңы редакциясын бекитүү. Уставга киргизилген өзгөртүү-толуктоолор жана жаңы редакцияда бекитилген Устав, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кайра каттоодон өтүүгө тийиш.
– Жамааттын төрагасын кызматка дайындоо жана бошотуу;
- Жамаатты өзгөртүп кайра түзүү жана жоюу жөнүндө чечим кабыл алуу;
- Жамааттын иштеринин артыкчылыктуу багыттарын, анын мүлкүн пайдалануу тартибин аныктоо;
- Жамааттын мүчөлөрүн кабыл алуу жана чыгаруу;
- Жамааттын төрагасын шайлоо жана аны ээлеген кызматынан четтетүү;
- Жамааттын иши жөнүндөгү жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү;
- Жамааттын башка юридикалык жактардын иштерине катышуу маселелерин чечүү;
- займ жана кредит алуу маселелерин кароо;

## 12 . Жамааттын төрагасы

12. 1. Жамааттын аткаруу органы болгон – анын төрагасы Жамааттын биринчи жалпы чогулушунда жамааттын жалпы мүчөлөрүнүн арасынан жалпы чогулушка катышкан мүчөлөрдүн чечими боюнча ачык жэ жабык добуш берүү менен шайланат.
12 . 2 . Жамаатын төрагасы 2 жылдык мөөнөткө шайланат. Жалпы чогулуш ушундай эле мөөнөткө Жамааттын төрагасынын сунуштамасы менен Жамааттын башкы бухгалтерин да шайлашат.

**Жамааттын төрагасы:**
1) Жамааттын өнүгүү багыттарын жана миссиясын иштеп чыгат, ошондой эле

документтерин жол жоболоштуруп, аларды жергиликтүү кеңештин кароосуна жана бекитүүсүнө алып чыгат;

2) Жамаатты өнүгүүсүнүн күнүмдүк иш аракеттерин жана келечек иш пландарын иштеп чыгат;

3) Жамааттын жалпы чогулушунун кароосуна Уставга өзгөртүү-толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү сунуштарды киргизет;
4) Жамааттын жалпы чогулушунун алдында өз ишмердүүлүгү жөнүндө отчет берет.

12.3. Жамаатын төрагасынын чечими жалпы чогулуштун баардык мүчөлөрүнүн 3/2 "ооба" - деп добуш бергенде гана кабыл алынды – деп эсептелинет.
12.4.Жамааттын төрагасы төмөнкүлөргө укуктуу:
1) Баардык мекеме уйумдарда Жамааттын атынан ишеним кагазсыз иш жүргүзө алат;
2) Жамааттын жалпы чогулушунун бекитүүсү менен Жамааттын ишмердүүлүгүнүн ички регламентин иштеп чыгат;
3) Жалпы чогулуштун уруксаты менен гана Жамааттын мүлкүн колдонот келишимдерди түзөт;

4) Ишеним каттарды берет, банктарда эсептик жана башка счетторду ачат;
5) Жамаатта бухгалтердик, статистикалык жана башка учетторду уюштурат;
6) Жамаатта мыйзамдуулуктун сакталышын камсыз кылат жана Жалпы чогулуштун чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөйт;
7) Ар бир жарым жыл ичинде Жалпы чогулуштун алдында өзүнүн ишмердүүлүгү жана Жамааттын чарбалык иштери жөнүндө отчет берет;
8) Жалпы чогулуштун компетенциясына кирбеген башка да иш-аракеттерди жасоого укуктуу.

12.5. Жамааттын төрагасы, Жамаатта ар кандай материалдык жана финансылык коркунучтарды пайда кылган шарттар байкалса, тез арада Жалпы чогулушка билдирүүгө милдеттүү.

## 13 . Жамааттын менчиги

13.1.Жамааттын менчигине төмөнкүлөр кирет:
-кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк;
- өз каражаттары.
13.2. Жамааттыны финансылык негизин кирүү жана мүчөлүк акылар, жамааттын менчигин пайдалануудан түшкөн каражаттар, демөөрчүлүк төгүмдөр, Кыргыз Республикасынын ошондой эле чет өлкөлүк юридикалык жана жеке жактарынын ыктыйардуу салымдары, грандтар, ошондой эле заем, кредит жана да башка финансы ресурстары кирет. Кирүү жана мүчөлүк акылардын өлчөмү жалпы чогулуштун чечими менен аныкталат.
13. 3. Жамааттын экономикалык негизи жана менчиги ал тарабынан курулган же сатып алынган объекттер, ошондой эле юридикалык жана жеке жактар тарабынан ага өткөрүп берилген объекттер болуп саналат.

13. 4. Жамааттын каражаттары мүчөлөр жашап жаткан калктын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максаттары үчүн жамааттын мүчөлөрү тарабынан пайдаланылат.
13 . 5 . Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жамааттын финансы-экономикалык иштерине кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

**14 . Бухгалтериясы жана финансылык жыл**

14.1. Жамааттын бухгалтериясы КР мыйзамдарына ылайык оперативдүү бухгалтерия жана статитистикалык учету жүргүзүлөт.

14.2. Бухгалтердик учет сом менен жүргүзүлөт. Баардык чет элдин валюталары сомго жана тескерисинче ошол күнү КР улуттук банкынын курсу боюнча жүргүзүлөт.

14. 3. Жамааттын финансылык жылы календардык жылдын 1 – январынан 31 – декабрына чейин бекитилет.

**15 . Жамаатты кайра түзүү жана иш аракетин токтотуу**

15.1. Жамааттын ишин токтотуу жолу аны кайра түзүү жана иш аракетин токтотуу аркылуу жүргүзүлөт.

15.2. Жамаатты кайра түзүү же иш аракетин токтотуу Жалпы чогулуштун чечими менен жүргүзүлөт, же болбосо мыйзамдардын негизинде соттун чечими менен Жамааттын иш аракетин токтотуу үчүн комиссия түзүлөт.

15.3. Жамааттын мүлкү жана каражаттары мамлекет жана башка карыздар менен эсептешкенден кийин Уставдык максаттарга жөнөтүлөт.

15.4. Жамааттын уставыны өзгөртүүлөр жана толуктоолор жалпы чогулуштун чечими менен жүргүзүлөт.

**Жамааттын төрагасы:** **Б.Алибеков**

Майлуу-Суу шаары
2020 – жыл
Июнь айы